Сабатаров Б.О., Усубалиев Р.Э.
*К.Тыныстанов ат. ЫМУ*

# «МАНАС» ЭПОСУНУН 1000 ЖЫЛДЫК МААРАКЕСИ ЖАНА УЛУТТУК ДЕНЕ ТАРБИЯНЫН ӨНҮГҮҮСҮ

***Түйүндүү сөздөр:*** *улуттук дене тарбия, баатырдык мелдештер, оюн-зооктор, улуттук спорттун түрлөрү.*

«Манас» эпосуна тиешелүү маалыматтар ар дайым актуалдуу болуп саналат. «Манас» эпосунун 1000 жылдык маарекесинин кыргыздын улуттук дене тарбиясын өнүктүрүүдөгү маанисин изилдөө жаңы көз караш болуп эсептелет. Бул проблеманын маалыматтары улуттук дене тарбиянын өнүгүүсүнө практикалык жактан таасирлерин тийгизет деген ойдобуз.

«Манас» эпосунун 1000 жылдык маарекесинин маанисин изилдегенде, биз ошол мезгилде атайылап өткөрүлгөн иш-аракеттерин талдоону туура таптык. Мында, эң алды менен, кандай илимий конференция өткөрүлгөнүн, кандай китептер басылып чыкканын, спорттук мелдештер болуп өткөндүгүн жана алардын маанисин көрсөтүүгө аракеттендик.

**Макаланын максаты** – «Манас» эпосунун 1000 жылдык маарекесинин улуттук дене тарбияга тийгизген таасирин көрсөтүү болуп саналат.

**Макаланын маселелери:**

«Манас» эпосунун 1000 жылдык маарекесине арналып басылып чыккан адабияттардын кээ бирине талдоо жүргүзүү:

- «Манас-1000» тиешелүү иш-аракеттеринин улуттук дене тарбиянын өнүгүүсүнө тийгизген таасирин көрсөтүү.
- Улуттук дене тарбиянын мындан ары өнүгүүсүнө тиешелүү пикирлерди айтуу.

Изилдөөдө колдонулган **илимий ыкмалар:**

1. Адабияттарды талдоо.
2. Илимий конференцияны жана спорттук мелдештери талдап, алардын маанисин изилдеп, таасирин көрсөтүү.

**Топтолгон маалыматтарды талдоо.**

1992-жылдын 26-июлунда «Манас-1000» маарекелик тоюн өткөрүү жөнүндөгү» Кыргыз Республикасынын Президенти А.Акаедин буйругу басылып чыккан.

«Манас» долбоору боюнча маарекелик тойдун негизги маселеси болуп «Манас», «Семетей» жана «Сейтек» училтигин пропагандалоо жана элге таратуу, алардагы кыргыздын тарыхын, маданиятын, салт-санааларын баса көрсөтүү болгон. Долбоордун дагы бир маселеси «Манас» эпосунун баатырдык духун, андагы каармандарынын тарыхын көрсөтө алган улуттук баатырдык мелдештерин, атчан спорттук мелдештерин өткөрүү болгон.

Аталган буйрукту ишке ашырган мезгилдерде өткөрүлгөн иш-чаралары кыргыз элинин улуттук дене тарбиясын өнүктүрүүдө чоң ролду аткарды деген пикирдебиз.

Улуттук дене тарбиясынын эгемендүү мезгилинде өнүгүүсүнө өз таасирин тийгизген иш-аракеттеринин бири болуп эл аралык «Манас» эпосунун 1000 жылдык маарекесине арналган улуттук спорттун түрлөрүнүн жана чыгыш таймашууларынын проблемаларына арналган илимий-практикалык конферен-ция эсептелет (Бишкек, 1993 ж.).

Бул конференцияны уюштурууга мамлекеттик спорт комитетинин улуттук спорттун түрлөрүнүн жана чыгыш таймашууларынын башкармалыгынын жетекчиси

С.А.Раимбековдун демилгеси себеп болгон. Конференцияны уюштурууда К.Осмоналиев, А.Мамытов жана М.Саралаев өздөрүнүн чоң салымдарын кошкон.

Пленардык отурумда жети доклад угулган, секциялык отурумда 57 доклад долбоорлонгон. Булардан 55 доклады угулган. Докладдар орус жана кыргыз тилдеринде окулган. Булардан негизгилери болуп төмөнкүлөр эсептелген:

Раимбеков С.А. «О национальных конно-спортивных видах и требованиях в создании учебно-тренировочных групп по конным видам»;

Таникеев М. Казахский государственный институт физической культуры и спорта, г. Алма-Ата, «К вопросу о народной педагогике физического воспитания»;

Батыров К.А. госуниверситет, г. Бухара. «К вопросу совершенствовании средств физического воспитания в Центральной Азии»;

Молдобаев И.Б. Академия наук Кыргызской Республики, «Эпос «Манас» в культурном наследии кыргызского народа»;

Атаев А.К., госуниверситет, г.Бухара «История развития узбекской национальной борьбы «куреш» в Республике Узбекистан»;

Сейдемиров И.Б., преподаватель вуза, г.Алма-Ата «К вопросу о состоянии развитии национальных видов спорта в Республике Казахстан».

Аталган илимий-практикалык конференцияда кыргыз элинин улуттук дене тарбиясынын абалын баса көрсөткөн эки орчундуу докладга токтолсок болот.

Биринчи доклад «Кыргыз Республикасындагы улуттук спорттун түрлөрүнүн абалы жана мындан ары өнүгүү жолу». Бул докладдын авторлору - Каныбек Осмоналиев (Госкомспорттун жетекчиси) жана Самарбек Раимбеков.

Докладда төмөнкү маселелер көрсөтүлгөн. 1991-жылы мамлекеттик спорткомитеттин курамында улуттук спорттун түрлөрүн жана чыгыш таймашууларын жетектөөчү уюм уюштурулган. Бул уюмдун иш-аракеттерди төмөнкүдөй болгон:

- улуттук спорттун түрлөрү боюнча федерацияларынын иш-чараларын уюштурууга көмөктөшүү;
- улуттук спорттун түрлөрүн өнүктүрүүдө ар кандай аракеттерин жумшоо жана пропагандалык иштерди уюштуруу;
- улуттук спорттун түрлөрү боюнча методикалык көрсөтмөлөрдү даярдоо;
- балдардын жана жаштардын улуттук спортту өнүктүргөн спорттук мектептерин жаңыдан уюштуруу.

1992-жылы Кыргыз Республика-сынын мамлекеттик спорт комитети тарабынан жаңы жобо бекитилип, улуттук спорттун түрлөрү боюнча жаны спорттук мелдештеринин эрежелери жана спорттук классификациясы бекитилген. Жаңы жобонун негизинде улуттук спорттун түрлөрүнүн бешөөнөн (ордо, тогуз коргоол, күрөш, оодарыш жана улак тартыш боюнча) «спорттун чебери» деген наам бекитилген. Башка дагы төрт түрүнөн (кыз куумай, тыйын эңмей, жорго салыш, ат чабыш боюнча) жаштардын жана чоңдордун спорттук даражалары чектелген - III, II, I разряддар. Ошол мезгилде күрөш, ордо, тогуз коргоол, боюнча спорттук федерациялары уюштурган, улуттук спорттун 10 түрү боюнча 2046 окуучулары спорттук мектептерде окушат, аларда 52 адистер иштешет (5 тренер) - деп көрсөтүлгөн [1].

Экинчи орунду доклад педагогика илимдеринин кандидаты, Кыргыз мамлекеттик дене тарбия институтунун доценти Саралаев Марат тарабынан жасалган. Докладдын темасы «Улуттук спорттун орчундуу маселелери» деп аталган.

М.Саралаевдин докладында төмөнкү маселелер баса көрсөтүлгөн.

«Илгери атам замандан бери өнүгүп келген кыргыздын улуттук спортунун түрлөрү, элдик оюндары азыркы мезгилде кайрадан жанданууда. Совет доорунда алар кай бир окумуштуулар тарабынан бирин-серин изилденип, аз да болсо тарыхы жазылып, спорттун классификациясынын негиздери иштелип чыгып, мелдештер өткөрүлүп, анча-мынча өнүгүп калган. Тилекке каршы, классикалык (эл аралык) спорттун түрлөрүнүн көлөкөсүндө калып, упайлар жана медалдар үчүн таймашуунун алегинде болгон жетекчилердин, адистердин аракетинен орун албай калган. Бирок булар адаттагы оюн-зооктор, көңүл ачуунун элементтери катарында гана сакталып, той-тамашаларда өткөрүлүп келген. Спорттун жетекчилери жана жергиликтүү адистер элдин демилгесин бетине кармап, ошонун аркасында иш-аракет жумшалбастан эле отчеттук маалыматтарын жогорку жетекчилерге жазып жиберип жүрө берилген.

Улуттук спорттун түрлөрүн өнүктүрүү учурлардын материалдык базасын бекемдөөнү, атайын каражат болууну талап кылат (аянттарды куруу, аспаптарды даярдоо, кийим-кечектерди тигүү үчүн).

Илимий негизде иштелип чыккан долбоорлорду (программаларды) түзүү өтө эле зарыл иштерден болуп саналат. Себеби долбоорсуз кайсы гана ишти болбосун алып баруу, уюштуруу эң татаал шарттарды түзөт.

Андан башка усулдук (методикалык) колдонмолорду түзүү да керектүү иштерден. Анткени улуттук спорт боюнча секциянын ишин алып баруу үчүн түзүлгөн долбоорду конкреттүү ишке ашыруу, машыгууну туура өткөрүү үчүн усулдук колдонмонун кереги өтө зор. Спорттун классикалык түрлөрү боюнча мындай долбоор эчактан бери басылып колдонулуп келе жатат.Дагы бир эң керектүү аракеттердин бири-бул спорттук классификацияны жөнгө келтирүү жана ар бир 4-5 жылда турмушка ылайыкталып, спорттук практиканын талаптарына байланыштуу өзгөртүп жана жаңыртып туруу. Орчундуу иш-аракеттеринин дагы бири болуп улуттук спорттун маселелерин илимий жактан изилдөөнү жөнгө салуу, аны улантуу, изилдөөлөрдүн натыйжаларын ишке ашыруу саналат. Маселен, улуттук спорттун түрлөрүнүн ыкма-техникасы, тактикалык жагдайлары, булардын адамдын ден соолугуна болгон таасири, мурда басылып чыккан эмгектерди талдоо сыяктуу маселелери толугу менен изилденбегени белгилүү.

Жогоруда көрсөтүлгөн иш-аракеттери натыйжалуу болушу үчүн кыргыздын улуттук спортунун түрлөрү боюнча атайын адистерди даярдоо өтө маанилүү жана керектүү иштерден деп ойлойбуз. Атайын даярдалган адистер болбосо, жалаң гана элдин демилгеси менен улуттук спорттун маселелерин чечүүгө мүмкүн эмес. Бул татаал ишти Кыргыз мамлекеттик дене тарбия институтунун аракети менен аткарууга мүмкүн деген ойдобуз. Ал үчүн атайын кафедраны уюштуруу, адистерди топтоо, атайын окуу прораммасын иштеп чыгуу, жаңы адистикти (специализацияны) киргизүү керек болот. Ошону менен бирге спорттун улутук түрлөрү боюнча адистерди даярдоодо атайын окуу куралдарды жазып жана кошумча усулдук колдонмолордун түзүлүүсү да керек болот.

Жогоруда айтылган иш-аракеттери менен бирге кыргыздын улуттук спортунун түрлөрүн радио, кино жана телекөрсөтүүлөр, лекциялык үгүттөөлөр, басма сөздүн түрлүү каражаттары (китеп, журнал, гезит) аркылуу жана көрсөтмөлүү агитацияны да колдонуу менен пропагандалоо иштерди дайыма өткөрүү өтө керек болот.

«Манас» эпосунун 1000 жылдык маарекесин өткөргөн мезгилде бир нече

илимий жана популярдуу эмгектер жарык көрдү. Булардан эң алды менен тарых илимдеринин доктору, профессор Молдобаев И. тарабынан даярдалган «Манас» - историко-культурный памятник кыргызов» деген монографиясын атаар элек. Бул китебинде Молдобаев И. «Манас» эпосунун кыргыз элинин тарыхында, этнографиясында, маданиятында, адабиятында эң орчундуу орунду ээлегенин көрсөткөн. Монографияда «Манас» эпосу–дүйнөлүк эң баалуу эстелик катарында көрсөтүлгөн. «Манас» эпосу кыргыздардын этникалык тарыхы катарында да баса көрсөтүлгөн.

Бизди өтө кызыктырганы 8-главасы болуп саналат. Бул глава «Манас» эпосу элдик оюндар жана көңүл ачуу жөнүндө» деп аталып, кыргыз элинин улуттук дене тарбиясынын ар кандай элементтери тандалып берилген. Мында элдин турмушундагы оюндар, ат мелдештери, балбан күрөш жана чыгыш таймашуулары деп көрсөтүлгөн.

Турмушта кездешкен оюндардан «ордо», «тогуз коргоол», «киште», «чатыраш», «ак чөлмөк», «дүмпүлдөк», «оромпой тебүү» сыяктуу оюндары жөнүндө маалыматтары берилген.

Ат колдонулуп өткөрүлгөн кыргыздын мелдештеринен «ат чабыш», «аламан байге», «жамбы атмай», «эр сайыш», «эр эңиш», «көк бөрү» толук сүрөттөлүп берилген. Бул бөлүгүндө да талдоо, түшүндүрүү жолдору колдонулган.

Үчүнчү бөлүмүндө «балбан күрөш» жана чыгыш таймашуусу «канжар кол» талданып берилген. Кыргыздын күрөшү башка элдердин улуттук күрөштөрүнө салыштырылып, окшоштурулуп көрсөтүлгөн. Монографияда Көкөтөйдүн ашында өткөрүлгөн күрөш, Кошой менен Жолойдун күрөшү сүрөттөлгөн. Мында «Багалектен түрүшкөн, Булчуңдарды үзүшкөн, эл намысын кетирбей Букаларча сүзүшкөн, балбандыгы Кошойдой, Басмырттыгы ошондой, Балбаның болсо топко сал, жыгып берсе байгеңди ал», - деп айтылган жери да бар. Монографиясында Молдобаев И. кытайдын жоокерлеринин арасында «канжар кол» деген отряды болгон, алар куралсыз эле душмандарын талкалай алышкан деп көрсөтөт. 1995 жылы Саралаев М., Букуев М., Мамбеткалиев С. тарабынан даярдалган «Манастан калган оюндар» деген китеп «Манас» эпосунун 1000 жылдык маарекесине арналып чыгарылган (Бишкек, 1995, 126-б.). Бул китеп көп жылдар бою жүргүзүлгөн изилдөөлөрдүн жана улуттук дене тарбиянын топтолгон тажрыйбасынын жолдоосунун негизинде жазылган эмгек болгон. Китеп кыргыз элинин дене тарбиясынын тарыхы боюнча окуу колдонмо катарында керектелген. Бул окуу колдонмо кыргыз элинин салттуу дене тарбиясынын өткөн кылымдардагы жана эгемендүү мезгилдеги тарыхын маалымдап көрсөткөн. Ошондой эле өзүнүн мазмунуна «Манас» эпосундагы бардык мелдештерин, кенже дастандардагы (Эр Төштүк, Кожожаш, Жаңыл Мырза, Курманбек, Эр Табылды), орустун окумуштууларынын кыргыздын оюн-зоокторун көрсөтүп жазган эмгектерин, кыргыздын жазуучуларынын жана акындарынын мелдештерди чагылдырганын камтыйт. Илимий эмгектерге таянып, кыргыз элинин баатырдык мелдештеринин жана кыймылдуу оюндарынын социалдык мааниси да баса көрсөтүлгөн.

Бул китептин эң баалуу жагдайы болуп бир нечен жаңы көз караш менен каралганы жана унутулган оюндарын, мелдештерин илимдин чөйрөсүнө аралаштырганы менен айырмаланып турат. Мында унутулуп калган «калмак алышмай», «төшөк талашуу», «чабышуу», «мардек чалмай» сыяктуу оюндар менен толукталган. Өзгөчө, «Манас» эпосунда сүрөттөлгөн баатырдык мелдештер – «эр сайыш», «жамбы атмай», «ат үстүндө ойноо», «балбан күрөш» талданып жана

жоокердик кесибине байланыштырылып көрсөтүлгөн. Китептин жыйынтыгында кыргыз элинин улуттук дене тарбиясынын орду даана көрсөтүлүп, мындан ары кандайча жолдору менен өнүгүүсү керек экени жана баалуу сунуштар да берилген. Жалпысынан, жыйынтыктасак китеп «Манас» эпосунун 1000 жылдык маарекесине арналган эмгектердин жакшыларына кошулат деген пикирдебиз.

Кеңеш Жусуповдун «Манас» эпосунун кара сөз менен жазылган варианты 1995-жылы жарык көргөн. Бул китептин «Көкөтөйдүн ашы» деген бөлүгүндө кыргыз элинин кыймылдуу жана салттуу оюндары сүрөттөлгөн: «алты бакан селкинчек», «ак чөлмөк», «жоолук таштамай», «кара коюм дүмпүлдөк».

«Манас энциклопедиясы» да 1995-жылы жарык көргөн. Бул энциклопе-диянын 1-томунда Кырбашев К., Ботояров К. тарабынан даярдалган «Көкөтөйдүн ашы» деген макаласы берилген (337-343 беттеринде).

Бул макалада Көкөтөйдүн ашы кандайча даярдалганы, төгөрөктүн төрт бурчуна кабар берилгени, ашка келгендер жөнүндөгү маалыматтары, баатыр-балбандар, атактуу күлүктөр, найзакерлер, саяпкерлер жөнүндө айтылып берилген. Бул ашта өткөрүлгөн мелдештер: балбан күрөш, эр оодарыш, эр сайыш, жамбы атмай, төө чечмей жөнүндө толук маалыматтар жана талдоо берилген.

«Манас» эпосунун 1000 жылдык маарекесине арналып чыгарылган эмгектердин дагы бирине токтолсок болот. Бул китепче «Манас» эпосундагы элдик оюндар» деп аталып, Айдаркулов Кадыркул тарабынан басылып чыккан. Илимий-популярдык эмгекте кыргыз элинин «ордо» жана «тогуз коргоол» оюндарынын турмуштук тарыхый кырдаалдардан (көчмөндүктөн, жоопкерчиликтен, малчылыктан) келип чыккан деп көрсөтүлөт. Өзгөчө, жаштарды тарбиялоодо булардын мааниси да баса көрсөтүлгөн.

Китепчеде «ордо» оюнунун тарыхы, оюндун эрежеси, оюнду талкуулоодо берилген талдоолорго токтолуп, кайсы бир эмгектерге сын көз караштары берилген.

Китепчеде «Манас» эпосунда чагылдырылган дагы бир оюнду талдап берген маалыматтар да каралган. «Тогуз коргоолдун» тарыхы, эрежесинин өзгөчөлүгү, ар кандай жүрүштөрүнүн керектүүлүгү, оюндун татаалдыгы да көрсөтүлгөн. Ошону менен бирге аталган оюндардын жаштарды тарбиялоодогу мааниси жана азыркы мезгилдеги абалы маалымдалган. Ордо оюнун талдаган учурда Мамыров М. жазган маалыматтарына сындуу пикирлери да айтылган.

К.Айдаркуловдун китепчесинде кыргыз элинин дагы башка мелдештери, оюн-зооктору жөнүндө да айрым маалыматтары камтылган.

Кыргыз элинин феодалдык доорунда өтө өнүккөн оюндарына жалпы баа берилген, байыркы көчмөндөрдөн азыркы мезгилге чейин мурас катарында сакталып келген «ордо» менен «тогуз коргоол» баа жеткис байлыктарынан болот деп айтылган.

К.Айдаркулов кыргыздын элдик оюндары жөнүндөгү пикири этнопедагогикага жана улуттук дене тарбиянын мазмунуна тийиштүү салымын кошот деп ойлойбуз.

Жыйынтыктоо.

1. «Манас» эпосунун 1000 жылдык маарекесине даярдык көргөн жана тойдун өзүн өткөргөн кезде бир нече адабияттар жарык көрүп, алар аркылуу улуттук дене тарбиясын өнүгүүгө чоң салым кошулган.
2. «Манас» эпосунун 1000 жылдык маарекесин өткөргөн мезгилде улуттук дене тарбиянын өнүгүүсүнө таасирин тийгизген үч маселе болгон:

- Маарекеге арнап эл аралык илимий-практикалык конференция өткөрүлгөн.

Бул конференция өзүндө окулган докладдары аркылуу дене тарбияга көрүнүктүү салымды кошту;

- Маарекеге арналган ондогон китептер жана макалалар басылып чыккан. Эмгектердин ичинде улуттук дене тарбияга тиешелүү бир нече китептер басылып чыккан. Алардын мазмуну улуттук спорттун түрлөрүнө, элдик оюндарынын өнүгүшүнө бардык жактан таасири тийгизгени белгилүү болду;
- Маарекеге арналган улуттук спорттун түрлөрү боюнча мелдештер жана көрсөткүч иш-чаралары улуттук дене тарбиянын кайрадан жандануусуна чоң түрткү болду десек, жаңылышпайбыз.

3. Улуттук дене тарбияга жаңы көз караш болгондугу, тиешелүү жана пайдалуу сунуштары берилгендиги, басып өткөн жолуна талдоого жүргүзүүсү менен макалада көрсөтүлгөн иш-чаралары өтө эле пайдалуу болуп, өздөрүнүн салымын кошту деген пикирдебиз.

Адабияттар:

1. 1 - Международная научно-практи-ческая конференция по проблемам национальных видов спорта и восточных единоборств, посвяүенная 1000 летию эпоса «Манас». −Бишкек, 1993. −С. 175.
2. Молдобаев И.Б. «Манас» - историко культурный памятник кыргызов. -Бишкек: Кыргызстан, 1995. −С. 312.
3. Саралаев М.К., Букуев М.О., Мамбеткалиев С. М. Манастан калган оюндар. -Бишкек, 1995. - 126-б.
4. Жусупов К. «Манас» эпосунун кара сөз менен жазылган варианты. -Бишкек. 1995. - 215-б.
5. Кырбашев К., Ботояров К. Көкөтөйдүн ашы. -Бишкек: «Манас» энциклопедиясы. 1995. - 337-343-бб.
6. Айдаркулов К. «Манас» эпосундагы элдик оюндар. -Бишкек: Кыргызстан, 1994. - 54-б.
7. «Манас» эпосунун 1000 жылдыгына арналган эл аралык улуттук спорт оюндарынын программасы. −Талас, 1995. - 16-б.